ностных ориентаций. Но при этом следует учесть то, что реализация предоставляемых рынком возможностей, зависит от имеющихся материальных ресурсов. Большинство молодых людей желают попробовать себя в бизнесе, или устроиться в частный сектор экономики. Вместе с тем, следует отметить, у отдельной части молодежи существуют утверждения того, что они не будут работать по специальности и рассматривают в качестве единственного критерия своей будущей работы уровень оплаты. Естественно результатом такого пожелания выступает наличие в стране рыночных отношений и экономической нестабильности.

Главная суть здесь состоит в том, что первичная социализация не может происходить без эмоционально заряженной идентификации ребенка с его значимыми другими, вторичная социализация по большей части может обойтись без таковой и эффективно протекать лишь на фоне взаимной идентификации, которая является составной частью любой коммуникации между людьми.

## СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННЫХ ИСТОЧНИКОВ И ЛИТЕРАТУРЫ:


1. Национальный статистический комитет, Кыргызстан в цифрах [Текст]: - Бишкек, 2017.
2. Маткеримов, Н.Т. Социализация учащейся молодежи в республике Кыргызстан [Текст]: дис. … канд. соц. наук: 22.00.04 / Н.Т. Маткеримов. - Санкт-Петербург, 2010. - 204 с.
3. Об основах государственной молодежной политики [Электронный ресурс]: закон Кырг. Респ. от 25.06. 2009 года (в ред. Законов Кырг. Респ. от 27 января 2012 года №62). - Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/93426. - Загл. с экрана.
4. Жолдошева, А.Ш. Социализация молодежи Кыргызстана в условиях рыночной экономики [Текст]: дис. … канд. соц. наук: 22.00.04 / А.Ш. Жолдошева. - Бишкек, 2018. - 180 с.
5. Сорокин, П.А. Социокультурная динамика и эволюционизм [Текст]: / П.А. Сорокин // Американская социологическая мысль. - М., 1996., - 554 с.
6. Сергеев, В.К Молодежная субкультура в условиях мегаполиса [Электронный ресурс]: / В.К Сергеев: // Институт социально-политических исследований РАН. - Режим доступа: - https://www.google.com/search?q=Сергеев%2С+ - Загл. с экрана.


**Рецензент:** Усубалиева А. А., кандидат социологических наук, доцент КНУ им. Ж.Баласагына

**УДК 811:378**


***Ибраимова Ж.Т.,***
*КМЮАнын ага окутуучусу*
*Мамлекеттик, расмий, дүйнөлүк тилдер жана лингвистикалык технологиялар борборунун ага окутуучусу*
***Ибраимова Ж.Т.,***
*старший преподаватель Центра государственного, официального, мирового языков и лингвистических технологий КГЮА*
***Ibraimova G.***
*Center of State, official, world languages and linguistic technologies KSAL*
*моб.т.:+996 (705) 204067*
*e-mail: ibraimovaj@bk.ru*


# ТИЛДИ ҮЙРӨТҮҮДӨ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ЖАНА ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАР

# КОМПЕТЕНТНОСТЬ В ОБУЧЕНИИ ЯЗЫКУ И СОВРЕМЕННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

# THE LANGUAGE TEACHING COMPETENCE AND MODERN TECHNOLOGY


***Аннотация:*** *Бул макалада тилди үйрөтүүдөгү компетенттүүлүк, компетенттүүлүктүн студенттерге коомго тийгизген таасири, ролу жана сабак өтүүдөгү интерактивдүү усулдардын эффективдүүлүгү тууралы жазылды*

***Аннотация:*** *В данной статье говорится о роли и пользе компетенции и компетентности студентов в обществе и об эффективности интерактивных методах обучения.*

***Annotation****: This article describes the role and benefits of the competence and competence of students in society and the effectiveness of interactive teaching methods.*



***Негизги сөздөр:*** *интерактив; эффективдүү; компетенттүүлүк; билим; тил; пайдалуу; сабак.*

***Ключевые слова:*** *интерактивный; эффективный; компетентность; знание; язык; полезное; урок.*

**Keywords:** *interactive; effective; competence; knowledge; language; useful, lesson.*

Акыркы мезгилдерде илимде, ар кандай кесиптерде, практикада кыскасы ар тармака“ компетенттүүлүк” деген термин колдонулууда. Ага бир катар аныктамалар да берилип да жүрөт. Компетенттүүлүк - бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу ал канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен камсыздалгандыгы жана аларды кандай колдоно алгандыгы аныкталат. Компетенттүүлүк натыйжалуу, пайдалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн кыймыл-аракеттерди ишке ашыруу жолдору.

Компетенттүүлүк: “Предметтик тармактардагы конкреттүү аракеттерди эффективдүү аткарууга жөндөмдүү болуунун өзгөчө жолу” (Дж. Равен, англис психологу). [1,1-бет]

Орус тили боюнча түшүндүрмө сөздүктөрдө компетенттүүлүктүн синонимдери правомочность, антоними некомпетенттность, непровомочность, гиперонимы квалификация.

Этимологиясы боюнча компетентный деген келип чыгат да, ал латындын, competens - “соответствующий, способный”, кыргызчасы “ылайыктуу” ”жөндөмдүү” “ылайыкташкан” деген мааниилерди берет.

Компетенттүүлүк көп маанилерде жана көп учурларда колдонулат. Мисалы, жеке адамдын юридикалык компетенттүүлүгү, инсандын финасылык компетенттүүлүгү, интеллектуалдык компетенттүүлүк, коммуникативдик компетенттүүлүк ж.б.

Вольф-Дитрих Веблер жогорку окуу жайларынын дидактикасы боюнча эмгегинде персоналдардын компетенттүүлүгүнүн өнүгүшүнүн сегиз чөйрөсүн көрсөтөт. [2,1 - бет]

1. Пландаштыруудагы компетенттүүлүк.
2. Методдордогу компетенттүүлүк,
3. Кеңеш берүүдөгү, акыл айтуудагы компетенттүүлүк.
4. Адистик компетенттүүлүк.
5. Медиялык компетентүүлүк.
6. Экзамендик компетенттүүлүк.
7. Баалочулук компетенттүүлүк.
8. Контекстуалдык компетенттүүлүк.

Компетенттүүлүктүн үч компоненти бар:

1. Тилдик (максаты - коммуникативдик компетенттүүлүк)
2. Жалпы илимий, же жалпы адистик (максаты - жалпы илимий, жалпы адистик компетенттүүлүк)
3.Адаптациялык (максаты - адаптациялоо, б.а. үйрөтүү, көнүктүрүү, ыңгайлаштыруу)

Ар бир ишке компетенттүү мамиле кылуу да коомдун талабы. Компетенттүүлүк илимде, билим берүүдө педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөткөн чен - өлчөм катары да кабыл алына баштады. Компетенттүү мамиле кылуу бул коомдун талабы болуп калды десем жаңылышпайм. Демек, окутуучунун компетенциясына: компетенция, компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлү, адистик компетенттүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк, окутуу процесси, окуу предмети, класстык коллектив, коммуникабелдүүлүк, окуучулардын үйрөнүү денгээли, психологиялык компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, улуттук баалуулук, адамзаттык баалуулук, мугалимдик көндүмдөр таандык десек да болот.

Окутуучу сөзсүз түрдө төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш. Алсак: Кесиптик-педагогикалык иш билгилик, педагогикалык ишмердүүлүккө даярдык, окутуу процессин уюштурууга карата иш билгилик, пландаштыруу, өз предметин жана тиешелүү окуу программаларды билүү, аудиторияны башкаруу, өз предметин жана тиешелүү окуу программаларды билүү, коммуникабелдүүлүк, инсандык психология боюнча компетент-түүлүк, жеке билим деңгээлин үзгүлтүксүз көтөрүү, педагогикалык ишмердүүлүгүнө тиешелүү баалуулуктарды жана башкаларды билүүгө тийиш.

Негизинен мугалимдин иш билгилиги тууралуу төмөнкүлөрдү айтууга болот:

- окутуп жаткан предмети тууралуу терең билимге ээ болуусу, анын тигил же бул окутуу технологиясында камтылган принциптерин, концептуалдык идеясын билиши;
- мектепте окутуу-тарбиялоо иштерин уюштуруу болюнча жана предметти окутууда түрдүү методдорду, үйрөтүү жолдорун билип, долбоорлордо колдоно билүү;
- окутуу методдорун сабактын темасына карап тандоодо, логикалык ырааттуулуктун сакталышын билүү, ар бир окуучунун жеке мүнөзүнө, айырмачылыгына карап педагогикалык технологияларды тандай алышы;
- тигил же бул педтехнологияны колдонууда ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киригизе алышы.

Өлкөбүздө мугалимдин компетенттүүлүгү тууралуу кеңири изилдөө жүргүзүлбөгөнүнөн бул изилдөөнүн зарылдыгын айтууга толук негиз бар. Мугалимдин кесиптик ишбилгилигин жогорулатууда билим өркүндөтүүчү курстардын мааниси өтө зор. Мугалимдин кесиптик иш билгилиги азыр өтө курч маселе болуп жаш муундарды базар экономикасы шарттарында коомго даярдоодо өтө маанилүү, анткени балдардын жашоосунда өзгөрүшү татаал болгон кээ бир сапаттар орун алат. Ошону менен катар педагогикалык иш билгликти мугалим өзү өнүктүрүүсү, билим берүү ишмердигин жогорулатуусу деп айтууга болот. Ал аркылуу мугалим кесиптик денгээлин жогорулата алат.

Окуучулардын, студенттердин практикалык сабаттуулугун көтөрүү маселеси көбүнчө эсе методикалык адабияттарга калтырылып келгени - эне тили окуу предметин окутуудагы бир кемчилик болуп келатканы илимий жактан жаңылыштык экенин да практика далилдеп отурат. Сабакта окуучу эне тилинде грамматикалык-фонетикалык мате-риалдарды, орфографиялык жана пунктуа-циялык эрежелерди өздөштүрүп жатканда сөзсүз түрдө, байланыштуу кеп менен кеп маданиятынын материалдары менен жуурулуштуруп өтүүнү практикалоо - дал ушул стандартта алгач ирет илимий-методикалык жактан ачык көрсөтүлдү.

Мунун өзү - грамматиканы өздөштүрүү сабагы - байланыштуу кепти өстүрүү жана кеп маданиятына үйрөтүү сабагы болуусу керек, - деген методикалык жобону алдыга койду. Андай болсо, окуу программасын жазууда грамматиканын ар бир сабагы байланыштуу кеп менен кеп маданиятынын материалдары менен логикалык түрдө байланышта берилүүсү тийиш экенин көңүлгө салат. Мунун өзү буга чейин иштеп келген окуу программасынын ички логикалык структурасын түп-тамырынан тарта өзгөртүү, эне тилин мектепте окутуу концепциясын жаңылоо зарылдыгын алдыга коёт. Тактап айтканда, анын ички модели - грамматика + байланыштуу кеп жана кеп маданияты-деген багытта түзүлүүсү шарт.

Албетте, байланыштуу кептин материалдарын берүүдө ар бир грамматикалык тема өтүлгөндө, ал кептин курулуш материалы катары эсептелинүү менен, текстти сабаттуу жазуу (жат жазуу), текстти талдоо жана кайра түзүү (баяндама) жана жаңы текст түзүү (дилбаян) жазуу ишмердүүлүктөрү бирге жүргүзүлүүгө тийиш. Ал эми, кеп маданиятын грамматикалык материалдар менен бирдикте байланыштырып өтүүдө, анын төмөндөгү компоненттери толук түрдө эске алынууга тийиш:

- кептин тазалыгы (эне тилинде таза сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгү);
- кептин тактыгы (эне тилинде так ой жүгүртүү менен жазуу жана сүйлөө ишмердигине ээ болуу);
- кептин тууралыгы (туура жазуу жана туура сүйлөө эрежелерине жараша эне тилинде туура жазуу жана туура сүйлөө ишмердигине ээ болуу);
- кептин логикалуулугу (эне тилинде сүйлөм курулушун туура өздөштүрүү менен, логикалуу сүйлөп, жаза алуу ишмердигин өздөштүрүү);
- кептин орундуулугу жана адеби (чөйрөгө ылайык эне тилинде орундуу жана адептүү сүйлөө ишмердүүлүгүнө жетишүү);
- кептин көрктүүлүгү, эмоционалдуулугу жана байлыгы (эне тилинин кеңири жана бай лексикалык корун өздөштүрүү, аны кырдаалдарга жараша ыктуу колдоно алуу, чебер сүйлөө жана жазуу ишмердигине ээ болуу).

Ушул максаттарды көздөп, 11-класстын окуу курсуна кеп маданияты жана стилистика деп аталган жаңы курс кыргыз тилин окутуунун структурасына алгач ирет киргизилди.

Эгер, эне тилинде инсан мына ушундай сапаттуу сүйлөп жана жаза билүүгө тийиш деген талапты коё турган болсок, анда мектепте кыргыз тилин окутуу иши - мына ушундай талаптарды жүзөгө ашырууга багытталышы талап кылынат. Ал - илимий-методикалык да, турмуштук да талап болуп саналат. Албетте, ал талаптар эне тилин окутуунун максаттары менен милдеттерин аныктоого негиз болуп берет.

Ааламашуу процесси жаш өпүрүмдөргө, жалпы эле жаштарга, коомго таасирин тийгизүүдө. Алар көптөгөн материалдарды кабыл алып, ал эми керектүү нерселерди б.а. сабакты кабыл албай жаткандары сыр эмес. Тилди, сөз байлыкты байытуу үчүн сүйлөшүү, китеп окуу, пикир алышуу көп болушу керек. Ал эми бүгүн андай практика абдан элпе аз. Үй бүлөдөн башталышы керек экендигин билип турсак да, аны практика жүзүндө аткарбай жатабыз. Тилди ар бир адам сүйлөө аркылуу гана байытат. Ар кандай мыйзамдар, жоболор байыта албасына, муктаждыкты пайда кыла албаганын отуз жылдан бери өзүбүз күбө болдук .

Кыргыз тил сабагын өтүүдө студенттердин эсинде калыш үчүн ар кандай интерак-

тивдүү ыкмаларды колдонуу пайдалуу жана жемиштүү да болоорун практикада көрүп жүрөбүз. Адаттагыдай мугалимдин буйрукчул сбагы айрым учурда гана керек болбосо, ал сабак жемишин аз берүүдө. Студенттердин, окуучулардын тандоосу да маанилүү.

Тил үйрөнүү инсандын калыптанышына, анын коомдо эркин социалдашуусуна, ар кандай улуттар менен этностор аралык маданий коммуникацияга аралашуусуна жол ачуу менен сабакты дал ушундай максаттуу багытта үйрөтүү технологиясы менен мазмунун иштеп чыгуу жана мезгил талабына ылайыктоо милдетин коет. Кыргыз тилин натыйжалуу, эффективдүү окутуу үчүн албетте мугалимдин компетенттүү болушу чоң роль ойнойт. Мыкты натыйжа болсо тилди үйрөтүү методикасы илимдин жетишкен ийгилиги катары бааланат. Бирок бул да жетишсиз. Анткени аны менен катар тилге болгон коомдук мамиле өзгөрүшү керек. Бул жерде тилди адамдардын байланыш-катышынын гана куралы эмес, улуттун рухун, мамлекеттин идеологиясын түзөрүн жана улуттун өзүн сактап калуунун да каражаты экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Демек, тилди өнүктүрүүдө илимий-методикалык гана талап коюужетишсиз экендиги талашсыз. Ага мамлекеттик камкордук, ал гана эмес, мамлекеттик талап да, мамлекеттик көзөмөл да талаптагыдай болсо дагы да өнүгүшү мыкты болот деген ойдомун.

2019-жылды өлкөнүн президенти “Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөбүздү санариптештирүү” деп жарыялады. Ааламдашуу доору (глобализация) терминин 1983-жылы Америкалык экономист, Гарварддык бизнес мектебинин профессору Теодор Левитт “Гарвардд бизнес ревью” макаласында колдонот. [3,4-бет]

Ааламдашуу учуру талап кылып жаткандыктан кыргыз тилиндеги электрондук продукцияларды сабаттуу даярдоо максатында Windowft Windows 7, OffIce 14 версияларын кыргызчалап кыргыз тилиндеги сайттарды көбөйтүү жана алардын сапатын жакшыртуу иштери жүрүүдө, биок бул да аздык кылгандай.[4,4-бет]

Окутууда сынчой жүгуртүү керек учурда колдонуу да талапка туура келет. Мында маалыматты кабыл алуудан баштап чечим чыгаруу менен бүткөн татаал процес, идеяларды, ресурстарды комбинациялоонун (айкалыштырып колдоно билүү) жана интеграциялоонун (киргизип жайылтуу), түшүнүктөргө жаңы маани берүүнүн татаал процесси. Сылык скептицизм менен идеяларды кабыл алуу.Сын ой жүгүртүүнүн структурасы сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу программасында кабыл алынган базалык дидактикалык модель. Ал психолог-дордун ою боюнча таанып билүүнүн үч стадиясынкамтыйт: чакыруу, маңызын түшүнүү, ойлонуу. Бул стадиялар сабакта ар кандай болушу мүмкүн, бирок теманы ачууну ушулар аркылуу жүргүзүү зарыл.

Студенттерди көбүнчө өз оюн эркин сүйлөп берүүгө эркиндик берүү туура. Туура болбой калса эмне болот деген ойду жокко чыгауу керек. Ар бир ой баалуу .Идеяларды вербалдык деңгээлге чыгаруу. Американлык усулдарда кеңири колдонулган таанып-билүүдөгү өзгөчө стадия.Бул стадия атайын пландаштырылат, ага сабактарда атайын орун бөлүнөт.

Белгилүү орус педагогу - новатор С.Д. Шевченко бул этапты “сүйлөө” деп атайт жана аны жаңы материалды түшүнүүнүн жана эске сактап калуунун эффективдүү ыкмасы катары пайдаланат. “Сөздөгү маанини формулировкалоо менен ойлоо жаралат деген оозеки формулировканы түшүнүүсүнө караганда жакшы түшүнүүсүнө алып келет.

Кыргыз тилин үйрөтүүдө күндө эне тилинде сүйлөөгө болгон турмуштук жандуу практиканын болушу, класстагы ар бир сабакта окутуучу менен окуучу кыргыз тилинде гана баарлашуусу, сабактын түздөн-түз кыргыз тилинде гана өтүлүшү чоң роль ойнойт. Окутуучу өзүнүн чыгармачылыгына, изденүүсүнө жараша да болот эмеспи. Андыктан ар бир окуттуучу милдеттүү түрдө талапка жооп бергией кылып сабак өтүүсү абзел.

Окутуучулар милдеттүү түрдө, жоопкерчиликтүү мамиле кылып, окуучуларга, студенттерге ташка тамга баскандай кылып үйрөтүүсү шарт. Эч качан бармак басты, көз кысты мамиле болбошу керек. Жогорудагы компетенттүүлүктүн ар кыл жагдайларын, колдонуп, сөзсүз түрдө өзүнөн талап кылып, өзүн-өзү да окутуп турушу учурдун талабы. Улут болгон соң, тил да болот, жана өнүгөт-өсөт. Мамлекеттик тилди келечек муундарга талапктагыдай үйрөтүү - биздин педагогдук жана атуулдук милдетибиз жана парзыбыз.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст]: / А. Муратов. - Б.,2013. -30 бет.
2. Эсенгулова, М., Асекова, Ж. Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын хрестоматиясы /М. Эсенгулова, Ж. Асекова. - Б., 2004. – 34 бет.
3. Низовская, И.А. Словарь программыразвитие критического мышления через чтенение и письмо [Текст]: /И.А. Низовская. - Б., 2003. - 92 бет.
4. Укуев, Б.Т., Жапаров, М.Т., Жумалиева, Г.Э., Каримбаев, Т.Т., Мекенбаев Б.Т. Маалымат технологияларынын негиздери [Текст]: /Б.Т.Укуев, М.Т.Жапаров, Г.Э.Жумалиева, Т.Т.Каримбаев, Б.Т.Мекенбаев. - Б., 2018.


**Рецензия берүүчү:** КМЮАнын Мамлекеттик, расмий, дүйнөлүк тилдер жана лингвистикалык технологиялар борборунун башчысы, филология илимдеринин кандидаты М.Р. Расулова

**УДК: 372.881.111.1**

***Кадыркулова М. Э.,***
*КМЮАнын юридикалык колледжинин окутуучусу*
***Кадыркулова М. Э.,***
*преподватель Юридического колледжа Кыргызской Государственной Юридической Академии*
***Kadyrkulova M.E.,***
*The teacher of Law college of Kyrgyz State Law Academy*
*mobile: +996 (551) 037375*
*e-mail: aleandra_85@mail.ru*

## КОЛЛЕДЖДИН СТУДЕНТТЕРИНЕ АНГЛИС ТИЛ САБАГЫН ОКУТУУДА ИНТЕРАКТИВДИК ЫКМАНЫ КОЛДОНУУ

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ ЧТЕНИЮ СТУДЕНТОВ КОЛЛЕДЖА НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

## USING OF THE INTERACTIVE METHODS IN TEACHING READING TO COLLEGE STUDENTS IN ENGLISH CLASSES

***Аннотация**: Бул маклада автор азыркы мезгилдеги англис тилинде суйлөө үчүн колледждин студенттерине интерактивдүү усулдарды колдонуу маанилүү эндигин баяндайт. Окуу бирден бир негизги орунда тураарын беглилоо менен, кептик ишмердүүлүктүн байланыш түрлөрү окуунун ачуу жолдору эндигин (pre-reading; while-reading; post reading) көргөзө алган.*

***Аннотация:** В данной статье автор дает описание о важности английского языка в современном мире и использования интерактивных методов при обучении чтению у студентов колледжей. Отмечается роль чтения как одного из основных, непосредственных видов речевой деятельности, расскрывается различные виды чтения как (pre-reading; while-reading; post reading).*

***Annotation:** In this article, the author describes the importance of English in the modern world and the use of interactive methods in teaching reading to college students. Noted the role of reading as one of the main, direct types of speech activity, various types of reading are revealed as (pre-reading; while-reading; post reading).*

***Негизги сөздөр:** жүзөөгө ашыруунун негиздери; заманбап билим берүү; интерактивдик элементтин модели; кесипкөйлүккө жеткирүү; сүйлөө ишмердиги; үзгүлтүксүз байланыш; окуутуунун артыкчылыктарын аныктоо;окутуунун түрлөрү.*

***Ключевые слова:** методы внедрения; современное образование; элементы интерактивной модели; профессионализм; речевая деятельность; систематическое общение; выявлять приоритеты чтения; виды чтения.*

***Keywords:** methods of implementation; contemporary education; elements of the interactive model; professionalism; speech activity; systematic communication; to identify reading priorities; types of reading.*

Уникальность обучения в колледже является объединение системы школы и высшего учебного заведения в одно единое. В юридическом колледже Кыргызской Государственной Юридической Академии, во-первых, как и в школе, в колледжах существует кураторская система (аналог классного руководства), что позволяет постоянно контактировать с родите-